# Протокол №1

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү

14.09.2016-ж

Катышкандар: Мугалимдер - 33

Ата-эне - 156

Турсуналиев Э. - жаш өспүрүмдөр инспектору

Каралуучу маселе:

1. 2015-2016-о.ж. Шабдан Ата атындагы орто мектебинде иштелген иштин жыйынтыгы. (директор Оторбаева Г.)
2. "Тарбия үйдөн башталат" (инспектор – Турсуналиева Э.)
3. Камкорчулар кеңешинин бир жылдык ишинин жыйынтыгы, жаңы мүчөлөрдү шайлоо.
4. Ар кандай маселелер.

Жыйынтыктын жүрүшү:

Жыйналышты тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышова ачат. жумушчу президиум сунуштады.

Сунуш кабыл алынып, төмөндөгүлөр жумушчу президиумга шайланды:

1. Оторбаева Г.М.
2. Айдралиева Н
3. Турсуналиев Э
4. Сыдыков Б
5. Тойболотов Б

Сөз мектептин директору Оторбаева Г.М. берилди:

Угулду: 2015-2016-о.ж. 32 мугалим эмгектенди 381 окуучу окуп билим алды. 21 окуучу 11-классты ийгиликтүү аяктады.

ЖРТ эң жогорку балл-167

42 отличник... фамилиясы окулду.

Райондук олимпиадага 23 окуучу катышып райондо 9 окуучу байгелүү орундарга ээ болду.

2 окуучу областык олимпиадага катышты.

Жумалиева Ч. – тарых

Бактыбеков Д. – география.

Улуттук тестке катышып 9-класстын окуучулары Сабырбекова А, Жунушалиева А. Кыргыз тил предметинен "5"ке тапшырып мамлекеттик экзаменден бошоду. "Сары-Өзөн чолпондору" конкурсунда бийчи кыздар, манасчы бала 1-орунга чыгып грамота менен сыйланды.

"Жылдын мыкты мугалими" конкурсуна Карагулова А. тарыхчы мугалим катышып райондо 1-орунга чыгып областтык конкурска катышып байгелүү орунга ээ болду.

Быйылкы жылда 9,11-класстын ата-энелери балдары окуган класстын 9 терезе бир эшигин жаңыртып беришти б.а. 68500 сомго жасатышты. 6[б]-кл 8[а]-кл ата-энелери полго линолиум салып беришти.

2016-2017-о.ж. карата мектептин ремонтун эң жогорку деңгээлде бүтүрүп райондо грамотага ээ болдук.

Суроо болсо бериңиздер?

Суроо жок.

Чечим:

1. 2015-2016-о.ж. Шабдан Ата атындагы орто мектебинде иштелген иштин жыйынтыгы канааттандырарлык деп бааланcын.
2. Балдардын билим сапатын көтөрүү үчүн биргелешип иш алып баруу жагы ата-энелерге, мугалимдерге жана мектеп администрациясына жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча жаш өспүрүмдөрдүн инспектору Турсуналиев Э. сөз берилди. Угулду: "Урматтуу ата-энелер Шабдан мектебинде эң жакшы жетишкендиктер бар экен. Окуучулар грамота алып жатышыптыр Шабдан Ата мектебинде өтө тартип бузган окуучулар жок. Мектеп ичинде көзөмөлгө алынган окуучулар болуп жатат. Балдарыңардын тартибин карасаңыздар. Азыр бардык үйдө машина бар балдарга машина берип коесуздар. Бул мыйзамга туура келбейт. Кечкисин балдарды эшикке чыгарбагыла рейд жүрүп турат. Жалгыз мугалимге жүктөп койбогула. Мектепте 5,6 саат болот калган мезгилде өзүңүздөрдүн карамагыңыздарда болот. Окууну бүтүп кеткен окуучулар рекет болот экен. Ал балдар деле сиздердин балдар, ошондуктан аларды дагы туура жолго салыңыздар. Суроо болсо бериңиздер.

Суроо жок.

Мектеп директору: "Студент балдар биздин мектептен бүткөн. Туура жолго салгыла. Себеби мектепте "Манас жаштары" уюму бар. Жаңы окуу жылына карата мүчөлөрүн шайлоодо окуучулар Шабдан, Калмак-Ашуу деп бөлүмүнүн ызы-чуу болушту. Баардыгы бир мектепте окуп жаткандан кийин баардыгы бирдей. Балдарды бөлүнтпөй үйдө да, мектепте да туура тарбия берели.

Жогорку айтылгандардын негизинде жыйналыш токтом кылат.

Чечим:

1. Балдарды ынтымакка чакырып, туура жолго тарбиялоо жагы ата-энелерге, мугалимдерге милдеттендирилсин.
2. Мектепке уюлдук телефон алып келтирбөө жагы, сабактан калтырбай, кечиктирбей жиберүү жагы ата-энелерге жүктөлсүн.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча мектептин директору, Камкорчулар кеңешинин жобосу менен тааныштырды.

Канкулуева Ж – бир жылдык иштин жыйынтыгы боюнча отчет берди.(отчет тиркелет)

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Калпаев Ильяс – Камкорчулар кеңеши. Тряпка, шыпыргы, чака алып берип жатасыңар. Топ алып берип койсоңор.
2. Карымшак – Бышык топтон 10 топ алып бериңиздер.
3. Айдралиева Н. – Акча негизинен жылдын аягында чогулуп жатат. Быйылкы жылга былтыркы чогулган акчадан тряпка, шыпыргы 1-4 класска алып бердим.

Эртерээк фондду төксөңөр чогултуп банкка салуу керек. Банктан алып алсак керектүү нерселерди алышыбыз керек.

Мектеп директору: Жобону уктуңуздар ошонун негизинде иш жүргүзүү керек. 11 мүчөдөн турган жаңы курамды шайлап берсеңер. Максаттуу пайдалануу үчүн план түзүп үч айда бир жолу отчет берип турушсун.

Айдралиева Н – колго салып жалпы мүчөлөрүн шайлады.

Жалпы ата-энелердин сунушу мене төмөнкү комиссиянын курамы сунушталды:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. Айдралиева Нават | 11^б-класс | 7. Калпаев Ильяс | 10^а-класс |
| 2. Кирдибаева Элмира | 10^б-класс | 8. Мундусбаева Анара | 11^а-класс |
| 3. Койлубаев Карымшак | 11^а-класс | 9. Асанова Айгүл | 9^б-класс |
| 4. Жунушалиев Эрнис | 8^б-класс | 10. Мустапаева Жаңыл | 4-класс |
| 5. Такенбаева Айнура | 8^б-класс | 11. Лусенко Таня | 5^б-класс |
| 6. Тахтабаев Алмаз | 11^б-класс | | |

Жогорку талкуудан кийин жыйналыш токтом кылат:

Чечим:

1. 2015-2016-о.ж. камкорчулардын иштеген ишинин жыйынтыгы канааттандырарлык деп баалансын.

Каралуучу 2-маселе боюнча жаш өсүрүмдөрдүн инспектору Турсуналиев Э. сөз берилди. Угулду: "Урматтуу ата-энелер Шабдан мектебинде оң жакшы жетишкендиктер бар экен. Окуучулар грамота алып жатышыптыр Шабдан Ата мектебинде өтө тартип бузган окуучулар жок. Мектеп ичинде көзөмөлгө алынган окуучулар болуп жатат. Балдарыңардын тартибин карасаңыздар. Азыр бардык үйдө машина бар балдарга машина берип коесуздар. Бул мыйзамга туура келбейт. Кечкисин балдарды эшикке чыгарбагыла рейд жүрүп турат. Жалгыз мугалимге жүктөп койбогула. Мектепте 5,6 саат болот калган мезгиле өзүңүздөрдүн карамагыңыздарда болот. Окууну бүтүп кеткен окуучулар рекет болот экен. Ал балдар деле сиздердин балдар, ошондуктан аларды дагы туура жолго салыңыздар. Суроо болсо бериңиздер.

Суроо жок.

Мектеп директору: "Студент балдар биздин мектептен бүткөн. Туура жолго салгыла. Себеби мектепте "Манас жаштары" уюму бар. Жаңы окуу жылына карата мүчөлөрүн шайлоодо окуучулар Шабдан, Калмак-Ашуу деп бөлүмүнүн ызы-чуу болушту. Баардыгы бир мектепте окуп жаткандан кийин баардыгы бирдей. Балдарды бөлүнтпөй үйдө да, мектепте да туура тарбия береli.

Жогорку айтылгандардын негизинде жыйналыш токтом кылат.

Чечим:

1. Балдарды ынтымакkка чакырып, туура жолго тарбиялоо жагы ата-энелерге, мугалимдерге милдеттендирилсин.
2. Мектепке уюлдук телефон алып келтирбөө жагы, сабактан калтырбай, кечиктирбей жиберүү жагы ата-энелерге жүктөлсүн.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча мектептин директору, Камкорчулар кеңешинин жобосу менен тааныштырды.

Капкулуева Ж – бир жылдык иштин жый ынтыгы боюнча отчет берди.(отчет тиркелет)

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Калпаев Ильяс – Камкорчулар кеңеши. Тряпка, шыпыргы, чака алып берип жатасыңар. Топ алып берип койсоңор.
2. Карымшак – Бышык топтон 10 топ алып бериңиздер.
3. Айдралиева Н. – Акча негизинен жылдын аягында чогулуп жатат. Быйылкы жылга былтыркы чогулган акчадан тряпка, шыпыргы 1-4 класска алып бердим.

Эртерээк фондду төксөңөр чогултуп банкка салуу керек. Банктан алып алсак керектүү нерселерди алышыбыз керек.

Мектеп директору: Жобону уктуңуздар ошонун негизинде иш жүргүзүү керек. 11 мүчөдөн турган жаңы курамды шайлап берсеңер. Максаттуу пайдалануу үчүн план түзүп үч айда бир жолу отчет берип турушсун.

Айдралиева Н – колго салып жалпы мүчөлөрүн шайлады.

Жалпы ата-энелердин сунушу мене төмөнкү комиссиянын курамы сунушталды:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Айдралиева Нават | 11 б-класс | 7. | Калпаев Ильяс | 10 а-класс |
| 2. | Кирдибаева Элмира | 10 б-класс | 8. | Мундусбаева Анара | 11 а-класс |
| 3. | Койлубаев Карымшак | 11 а-класс | 9. | Асанова Айгүл | 9 б-класс |
| 4. | Жунушалиев Эрнис | 8 б-класс | 10. | Мустапаева Жаңыл | 4-класс |
| 5. | Такенбаева Айнура | 8 б-класс | 11. | Луценко Таня | 5 б-класс |
| 6. | Тахтабаев Алмаз | 11 б-класс | | | |

Жогорку талкуудан кийин жыйналыш токтом кылат:

Чечим:

1. 2015-2016-о.ж. камкорчулардын иштеген ишинин жыйынтыгы канааттандырарлык деп бааланасын.

3. Камкорчулардын иштеген ишинин жыйынтыгы үч айда бир жолу берилип турсун.
4. Ар кандай маселелер:
Мектептин директору төмөнкүлөрдү билдирди.
"Каникул күндөрүнүн өзгөргөндүгүн б.а. Күзгү каникул 30.10-7.11
Кышкы -30.12-10.01
Жазгы 21.03-30.03
Окуу 1-сентябрдан башталып 25-майда аяктайт.
Окуучуларды күзгү айыл чарба жумушуна чыгарылбайт.
Өз ерде үйдө жумушуңар болсо 2,3 күнгө арыз жазуу мененсурантып алып калсаңар болот.
Жалпы ата-энелердин кол көтөрүү менен төмөнкүдөй токтом кабыл алды.

Чечим:

1. Мектеп окуучулары айыл чарба жумушуна таратылбасын.
2. Жеке ата-эненин жумушу болсо өз баласын арыз жазуу менен сабактан сурап алсын.

**Мектеп директору:** **Оторбаева Г.**
**Камкорчулар кеңешинин жетекчиси:** **Айдралиева Н**

**Протокол №2**
**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги**
**ата-энелер жыйналышынын кочүрмөсү**
17.01.2017-ж

Катышкандар: Мугалимдер - 30
Ата-эне - 351
Турсуналиев Э. - жаш өспүрүмдөр инспектору
Тойболотов Б- карылар сотунун мүчөсү

Каралуучу маселе:
1. 2016-2017-о.ж. биринчи жарым жылдыкта иштелген иштин маалыматы
Директор: Оторбаева Г.
2. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту болтурбоону алдын алуу иш чаралары.
3. Ар кандай маселелер.

Жыйналыштын жүрүшү:
Биринчи маселе боюнча:
Мектептин директору сүйлөдү: (маалымдама тиркелет)
1. Узакбаева Тынара – ата-эне "Биздин мектептин мугалимдери жакшы билим берет. Тартип деле жакшы. Мектепте 1-жарым жылдык боюнча жакшы иштер аткарылыптыр. Олимпиададан дагы райондо белгилүү орундарга ээ болуптур.
2. Муңайтбасов Б – ата-эне. «Баардыгыбыз эле ушул мектептен бүттүк. Менин кызым ударник чоңойгон сайын мүнөзү өзгөрөт экен. Кичинекейинде отличник окуучу. Үйдөн балдарга жардам берели мугалимдерге рахмат. Бизге билим берди эле, балдарыбызга билим берип жатат.
3. Осмонкулов Ж – Менин балдарым отличник окуйт. Керек болсо төмөн берели кошумча сабак өтүп терең билим берсеңер жакшы болот эле.
4. Оторбаева Г – Кошумча сабак өтсө деп жатасыздар. Химия сабагынан Кармышова А өтүп жатат. Тар-Суу мектебинен окуучу келип окуп жатат. Айына акча төлөп берет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде токтом кабыл алынды.

Чечим:

1. Шабдан Ата атындагы орто мектебинде 1-жарым жылдыкта иштелген иштин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Ата-энелердин каржылоосу менен кошумча сабак өтүүнү ишке ашыруу колго алынсын.

Каралуучу экинчи маселе боюнча мектептин директору маалымат берди:
Угулду: "Жаш өспүрүмдөр арасында болуп жаткан кылмыштуулуктар.
Кемин районунда болуп жаткан терс корүнүштор б.а. Жаңы-Алышта 8-кл окуучусу суицид. Алтымыш айылында – 7-класстын окуучусу огой атасын өлтүргөн. Карал-Дөбөдө атасы кыздарын кордогон. Кичи-Кеминдебалдар мушташкан:
Ушундай окуяларды болтурбоо үчүн алдын ала иш жүргүзөлү деп чогултуп олтурабыз. Балдар мектепте 5,6 саат болот калган мезгилде үйдө болот. Ата-эне 18саат балдарынар эмне кылат өзүңүздөр көзөмөл жүргүзүшүңүзөр керек."
Турсуналиев Э-Урматтуу ата-энелер алдыда айтылган иш болбой эле койсун, бирок эгер ошондой болсо, мугалимдер күнөөлү болуп калат. Мектепте кылмыш болсо, макул мугалимдер жооп берсин. Окуянын баары үйүндө болуп жатпайбы? Кечкисин балдарыңарды эшикке чыгарбагыла. Сотка дегенди көтөрүп жүрөт. 5-класстын окуучулары кымбат сотка көтөрөт. Ата-эне балдарыңарды өзүңөр бузасыңар.
Тойболотов Б – Ата-энелер балдардын тартипсиз болгондугуна биз өзүбүз күнөөлүүбүз. Себеби кечкисин түнкү 12, 1ге чейин кочодо жүрөт. Балдарга машина берип коёбуз, акчаны беребиз. Акчаны эмне кылат, тамеки тартат, пиво ичет, көңүл бурбайбыз. Жалгыз эле мугалимдер тартипке чакырабы?
Ата-энелер тартипке чакырышыбыз керек.
Кармышева А – Ата-энелер кошунаңарды билесиздер балдары кандай үйүндө зордук-зомбулук болобу? Ата-энеси арак ичеби. Ошондой үй-бүлөнү билсеңер биз тарапка билсеңер биз тарапка билгизсеңиздер алдын ала иш жүргүзөт элек.

Оторбаева Г – Балдардын психологиясы аябай өзгөрдү. Ата-энелер балдар жөнүндө кемчиликтерин айтсак эле эч нерсеге карабай сабап киресиңер. Бала таарынып өзүн-өзү өлтүргөнгөчейин барып жатат. Ошондуктан балдарыңар менен сүйлөшүү жолу менен деле оң жолго салса болот. Биз мугалимдер жамааты балдардын үйлөрүн кыдырып үй шарты менен таанышалы деп жатабыз. Ошондуктан ата-энелер туура кабыл алып класс жетекчилерди, соцпедагогду туура кабыл алып иш жүргүзсөңөр. Ата-эне мектеп менен, мугалим ата-эне менен тыгыз байланышта болсо балдар арасында кылмыштуулук болбойт го деп ойлойм.

Жогорку айтылгандардын негизинде токтом кабыл алды.

Чечим:

1. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу үчүн жалпы коомчулук, мектеп, ата-эне биргеликте иш жүргүзүлсүн.
2. Мектеп менен ата-энелердин арасында тыгыз байланыш болуп, ачык эшик күнү жандандырылсын.
3. Соц.педагог, класс жетекчи жана [illegible] биргеликте начар үй-бүлөлөрдүн үйлөрүн кыдырып үй шарты менен [illegible] сүйлөшүүлөрдү өткөрсүн.